# Гендердик теңчилик

ММКларда чагылдыруу

Кыргызстан - 2020

Бул колдонмо БУУнун Демократиялык Фондунун (UNDEF) колдоосу менен Кыргызстандагы Жамааттык ЖМКлар Бирлигии тарабынан 2020-жылы ишке ашырылып жаткан “Гендердик теңчиликти жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтуу” добоорунун алкагында иштелип чыкты.

Автор: журналист жана медиа эксперт Касиет Кубанычбек кызы

Проекттин координатору: Айзада Калканбекова

Бул колдонмодо айтылган ой-пикирлер БУУнун Демократиялык Фондунун ой-пикирин сөзсүз чагылдырбайт.

Кыргызстандагы Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги - Кыргызстандагы баардык коммерциялык эмес менчиктин формасындагы жамааттык ЖМКларды бириктирген коммерциялык эмес уюм.

Бирлик 2013-жылы негизделип, мүчөлөрдүн укугун, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого, социалдык, маданий, билим берүүчүлүк жана кесипкөйлүк максаттарды көздөөгө, жетишүүгө багытталган.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 4 жамааттык үналгы, 23 жамааттык мультимедиалык борбор өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

# Мазмуну

Кириш сөз ........................................................................................................3
“Гендер” жана “ жыныс” ...................................................................................4
Ой жүгүртүү үчүн суроолор ............................................................................6
Өзүңүздү текшериңиз.......................................................................................8
Сандар сүйлөйт ...............................................................................................10
Гендердик стереотиптер жана алардын ММКларда колдонулушу................14
..............................................................................................................14
Коомдогу кеңири орун алган гендердик стереотиптер ..................................15
Журналист катары гендердик маселелерди чагылдырууда 10 жагдайды эске алыңыз..........................................................................................................19
Генедердик теңчилик коомдо кандай өзгөрүүлөрдү алып келет? ..................20
Гендердик тең салмактуулукту сактоо боюнча кеңештер ..............................22
Зомбулук тууралуу кантип чагылдыруу керек?..............................................24
Гендердик кылмыштуулукту чагылдыруунун он негизи ..............................25
Кандай материалды гендердик сезимтал деп атай алабыз? ...........................27
Кандай материалдар гендердик сезимтал боло албайт? ................................27
Терминдерге терең маани бериңиз.................................................................29
Сексизм жана сексисттик билдирүүлөр..........................................................31
Колдонулган адабияттар жана булактар .........................................................33

## Кириш сөз

Бул окуу куралынын максаты Кыргызстандык журналисттердин арасында гендердик мамилелерге кылдаттык, сезгичтиктин өнүгүшүнө көмөктөшүү. Коом ичиндеги түрдүү көйгөлөрдү чагылдырууда журналист профессионалдуу негизде гендердик мамилелерге кылдат маани бериши абзел. Ал кайсы гана темада болбосун журналисттик макаласын, радио уктуруусун же теле берүүсүн даярдабасын, менин жасап жаткан ишим канчалык деңгээлде аял жана эркек тең укуктуулугуна таасир этет деген суроо үстүндө ар дайым ой жүгүртүшү абзел.

Гендердик билим – бул заманбап журналисттин билиминин негизги бөлүгү. “Гендер” түшүнүгү, анын “жыныс” деген сөздөн айырмасы, “ гендердик теңчилик”, “гендердик эмгек бөлүштүрүү”, “позитивдүү дискриминация” түшүнүктөрү бүгүнкү коом ичиндеги түрдүү жагдайларды билип, аларды кылдат кароого мүмкүндүк берет. Бүгүнкү күндө албетте бардыгы эмес, бирок көпчүлүк журналисттер гендердик мамилелерге кылдат кароону биле бербейт. Керек болсо, туура эмес калыптанган көз караште жашаган жана аны журналисттик ишинде чагылдырган кесиптештер да кездешпей койбойт. Эгер, коомдун локомотиви деген журналисттер айлана-чөйрөбүздө болуп жаткан социалдык көйгөйлөрдү так көрө албасак, албетте ал туурасында да коомго жеткире албайбыз. Бул көйгөйлөрдүн чечилишине эмес, калыптанып, тамырланышына алып келет.

Журналисттердин көйгөй жөнүндө билиши – аны коомдо актуалдаштырууга болгон алгачкы кадамы. ММК кабарлаган маалыматтардын бардыгы – коомдук мааниге ээ маалыматтар экени талашсыз.

Журналисттик материалдардын кайсы гана түрү болбосун, кантип гендердик мамилеге кылдат кароо керек? Бүгүнкү күндө коомдун өнүгүүсүндө терс

таасирин тийгизген, калыптанган көз караштардан журналист кантип арыла алат?

Гендердик мамилеге кылдат кароо үчүн журналисттерге бул метадология сунушталат. Анда, гендердик сезимталдыктын негизинде жасалган журналисттик материалдардын өзөгү, коомдогу стереотиптер, алардан арылуу жолдору, зордук – зомбулук жана аны чагылдыруунун жол жобосу ж.б тууралуу айтылат. Ошондой эле, теманы иштеп чыгуу, даярдоо, аны коомго жайылтканга чейинки баскычтар каралат.

Гендердик маселелерге кылдат кароо менен журналисттик материалды даярдоо – бул бир гана аялдар жөнүндө гана позитивдүү жазууну, чагылдырууну билдирбейт.

Гендердик тең салмактуу материалдарды түзүү – гендердик сезимталдуулуктун көз-карашынан алганда, коомдо болуп жаткан көйгөйлөр жөнүндө, эмгек бөлүштүрүүдөгү жакырчылык жана дискриминация, үй-бүлөдөгү зомбулук, аялдар менен эркектердин ден-соолугунун абалы, коомдун аң-сезиминдеги стереотиптер жана аларды чечүү жолдору.

Тилекке каршы, гендердик теңчилик дегенде коомдо “аялдардын укугу” жөнүндө сөз болуп жатат деген көз-караш жаралат. Бирок, гендер бир гана аялдардын эмес, жалпы адамзаттын жашоосунун маанилүү бөлүгү экенин түшүнүү зарылчылыгы жаралып келет.

Гендер темасына кайрылуу менен биз башка жыныстагы (аялдын же эркектин) адамдын укугун жана мүмкүнчүлүктөрүн чектөө максатында эмес, тең укуктуулукта, бирдей мүмкүнчүлүктөрдө жашоону түзүүгө салым кошуу.

## “Гендер” жана “ жыныс”

Ар бир журналисттик материалдын өзөгү – коомдук көйгөй. Бардык журналисттер, алар иштеген ЖМКнын өзгөчөлүктөрүнө, форматына жана

редакциялык саясатына, менчик формасына карата алардын аудиториясы кызыккан темалар боюнча жазышат же тартышат. Себеби, журналистикага болгон талап ошондой. Журналистиканын максаты жана милдети да аудитория муктаж болгон нерсени берүү.

Журналист → аудитория

Аудитоия жөн гана адамдар эмес. Алар жаш өзгөчөлүгү, ар түрдүү билим деңгээлине ээ, ар кандай кесиптин адистери же жумушсуз, ар кандай ишенимдеги жана ар кандай маданиятттын өкүлдөрү.

Алардын турмуштук деңгээли ар кандай болгондой эле жашоого болгон көз-караштары, тандоолору жана баалуулуктары да ар башкача. Ошондой эле адамдар эркек жана аял болуп бөлүнөт. Демек, аял жана эркектин көйгөйлөрүн тең көтөрүү, аларды бирдей чагылдыруу аудитория үчүн ар дайым актуалдуу

Муну кантип туура кылуу керек? Журналисттер аялдар жөнүндө гана жазышы керекпи? Чынында эле эркек менен аялга бири-бирин түшүнүү кыйын болуп жатабы? Албетте, жок.

Бүгүнкү күндө эркектер менен аялдар дүйнөнү эки башкача кабылдап жатышса да, аларда биологиялык факторлордун жана тарыхый эмгек бөлүштүрүүнүн кесепетинен улам айырмачылыктар жаралууда. Ооба, биз биологиялык жактан гана аял же эркек болуп бөлүнөбүз. Бирок, биз жалпылап алганда – адамбыз. Демек, аял – эркек деп бөлбөй анын укуктары, милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү тең болушу керек.

Биологиялык көз-караштан алганда аял менен эркектин организминин кеминде 85% окшош.  Биологиялык айырмачылык – бул аялдын бала төрөп, эмчек эмизүү жөндөмү.  Бирок, күнүбүздө бир канча жылдардын таасири менен айырмачылыктар социалдык мүнөздө болуп келет.  Тактап айтканда, табиятынан аныкталган эмес, социалдык, маданий негизде калыптанган.

## Ой жүгүртүү үчүн суроолор

1. Эмне үчүн Кыргызстандагы ооруканаларда эмгектенген дарыгерлер, медайымдар, санитардык кызматкерлердин басымдуу бөлүгү, бала бакчалардагы тарбиячылардын, мектептердеги мугалимдердин 80% дан ашыгы аялдар?

2. Эмне үчүн тейлөө кызматкерлери бар кымбат баалуу ресторандарда – дээрлик мырзалар, анча кымбат эмес ашканаларда – аялдар эмгектенет?

3. Эмне үчүн негизинен аялдар жеңил өнөр жайында иштешет? Чындыгында эле жеңил өнөр жайдагы эмгек "жеңилирээкпи"?

4. Эмне үчүн балдарды окутуп, билим берүү "аялдын кызматы" деп саналат?

5. Көпчүлүк кызматтарда директорлорлук жана министрлик кызматтарды эркектер аркалайт?

6. Эмне үчүн биздин өлкөдө 22 министрдин арасында эки гана аял бар? Бири вице-премьер-министр, экинчиси Эмгек жана социалдык өнүгүү министри.

Бул суроолорго коомдо эки түрдөгү жооптор айтылат. Биринчиси, аял киши милиционер, аскер кызматкери, өрт өчүргүч, таксист, прокурор ж.б боло албайт, алар бул ишти аркалоодо кыйналышат деген көз-караш болсо, экинчи тарап, аял – эркектин бир гана айырмачылыгы жынысында, бул коомдун таңулоосу дешет. Мындай чектөөлөр коом тарабынан калыптанган деген ойлор айтылат. Сиз кандай ойлойсуз?

Жогорудагы кесиптик айырмачылыктардын таасиринде, биздин көз алдыбызда көптөгөн өлкөлөр үчүн мүнөздөмөлүү көрүнүш болгон экономикалык чөйрөдөгү гендердик теңсиздик жаралып турат. Бул көрүнүштү биологиялык эмес, гендердик теңсиздик катары

баалаганыбыздын себеби, эркектер менен аялдардын социалдык ролдору менен байланышкан.  Алсак, мугалим болуу, программист болуу - социалдык ролдор.

Аялдар жана эркектерге мерчемделген социалдык ролдор – биологиялык мүмкүнчүлүк тарабынан эмес, социалдык көз-караш тарабынан аныкталган.

Биринчи жолу гендердик социалдык курулуш фактысы 1950-жылдары америкалык антропологдор тарабынан далилденген. Алар маданий изилдөөлөрдү салыштыруу менен иш алып барышкан. Америка элинин түпкүлүктүү калкы болгон - аборигендик индейлердин жашоосуна анализ кылуу менен изилдөөчүлөр кошуна урууларадагы эмгек бөлүштүрүүдөгү олуттуу айырмачылыктарды байкаган. Бири-биринен болгону 20 чакырым алыстыкта жайгашкан уруулар үй-бүлөлөрүндө эки башкача чарба жүргүзүшкөн. Алардагы эң негизги айырмачылыктардын бири эмгекти бөлүштүрүү: бир уруудагы кайсы бири иш-аракеттерди эркектер аткарса, ошол эле иш-аракеттерди кийини урууда аялдар аткарган.  Бул байкоодон изилдөөчүлөр маанилүү жыйынтык чыгарышкан. Көрсө, “бул эркектин” же “бул иштер бир гана аялдын” деген ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү жок. Иш аракеттер үйрөнүү, тажрыйба, каалоо, эмгек бөлүштүрүү аркылуу көндүмгө айланаары аныкталат.

Изилдөөчүлөр дагы бир маанилүү жагдайга көңүл бурушту: жогорудагы урууларда  иш-аракеттердин белгилүү бир түрү (мисалы, балык уулоо) - аялдар тарабынан аткарылган. Бул ошол уруунун жашоосу үчүн пайдалуу деп эсептелген, бирок кадыр-барктуу эмес, кадимки иштердин катарында турган. Башка урууларда балык уулоо иши менен эркектер алектенген жана ал кадыр-барктуу иш катары бааланган.

Бул байкоо кийинки маанилүү жыйынтыкка алып келди: практикалык турмушта дагы, илимде дагы жыныстын социалдык жана биологиялык категориялары ортосунда так айырмачылыктарды белгилөө керек. Жыныстын социологиялык жана биологиялык аралашуусу аялдар менен эркектердин ортосундагы теңсиздикти консолидациялоого жана актоого алып келет. Эгерде биз муну эсибизден чыгарбасак, анда коом үчүн зарыл болгон татаал жана кадыр-баркы төмөн жана акы төлөнбөгөн эмгектер ( күнүгө тамак даярдоо, тазалык иштери менен алектенүү, балдарды окутуу, кам көрүү ж.б.) ар дайым аялдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Ал эми коомдогу кадыр – барктуу жана көп маяналуу кесиптер социалдык ролдордун негизинде эркектер тарабынан жүзөгө ашырылат. Албетте, кайсы бир кесипти тандаган аял же эркекти биз гендердик теңсиздикке салым кошуп жатат деп күнөөлөй албайбыз. Бул жалпы коом тарабынан ар түрдүү калыптанган көз – караштардын натыйжасында ар бир индивидге таасир берген көрүнүштөр жыйынадысы. Бирок, коомдо аял менен эркектер аркалаган иш – аракеттерде гендердик теңсиздик болуп келсе, биз адилетсиздик мамилени гана бекемдейбиз жана жыныстардын ортосундагы теңсиздикти күчтөндүрөбүз.

## Өзүңүздү текшериңиз

*Жыныс же гендер экенин айырмалаңыз.*

*Өзүңүздүн жообуңузду “жыныс” же “гендер” экөөнүн бирине белгилеңиз.*

| **Текшериңиз** | **Жыныс** | **Гендер** |
|---|---|---|
| Аялдар баланы боюна көтөрүп, андан соң төрөшөт. Эркектердин бала төрөө мүмкүнчүлүгү жок. | | |
| Кичинекей кыздар – жоош жана уялчак, кичинекей балдар – айтканын кылган жана эр жүрөк болушат. | | |
| Аялдар эркектерге караганда баланы жакшы карайт. | | |

| | | |
|---|---|---|
| Эне баланы эмчек эмизип бага алат, ата баланын курсагын тойгузуу үчүн ага даяр тамак, бөтөлко сүт керек. | | |
| Эркектер аялдарга караганда машинаны жакшы айдайт. | | |
| Аял ар дайым ийменип туруусу керек. | | |
| Эркек балдар жыныстык жактан жетилип жатканда чачтары түшөт. | | |
| Аялдын эң негизги орду үй-бүлөдө. | | |
| Эркек – үй бүлөнүн башчысы. | | |


Адамдар кыз же эркек болуп төрөлгөндүктөн (биологиялык жыныс), алар өздөрүнө таандык жыныстагы жүрүм – турумга ылайык деген жашоону үйрөнүшөт. Коомду кабылдоо процесси коом тарабынан ишке ашырылат. Мындан улам үйдө, жамаатта, жумушта бирдей же карама - каршы жыныстагы адамдар менен кандай мамилелешүү болушу керек, коомдогу функцияларын жана жоопкерчиликтердин түрлөрүн кандай кабыл алуу керектигин адам бала кезинен кабылдайт.

Биз “жыныс” деген сөз менен жакшы таанышпыз. Анын “эркек” жана “аял” болуп экиге бөлүнөөрүн билебиз. Ал эми “гендер” термини алгачкы жолу тил илиминде пайда болуп, тапка, топко, категорияга таандык мамилелерди чагылдырган. Мунун негизинде ал индивид менен объект ортосундагы мамиленин курулушу.


Гендер – бул биологиялык эмес, социалдык мамилелелер.

Гендер кайсы бир индивид же объекттин топ, тайпа ичиндеги позициясын аныктайт.

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК



Жыныс – аял менен эркек ортосундагы биологиялык, физиологиялык айырма.



Гендер – аял менен эркек ортосундагы социалдык айырмачылыктар.

Тилекке каршы, коомдогу аялдар менен эркектерге карата социалдык ролдордун бөлүнүшү тигил же бул жыныстагы адамды кайсы бир тараптан чектеп, мүмкүнчүлүктөрүн кыскартып, укуктарынын бузулуусуна алып келет. Мындан улам, аял менен эркектин жашоосунда теңдик, укук орун алуусу үчүн гендердик теңчилик зарылчылыгы пайда болуп келет. Акыркы жылдарда дүйнөдө анын ичинде Кыргызстанда аял – эркектин теңчилигине карата бир катар изилдөөлөр орун алды.

## Сандар сүйлөйт

Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистикалык комитетинин маалыматтарына ылайык:

**Узак жашоо:** Кыргызстандагы эркектердин орточо жашоо узактыгы 2019-жылдын башында 67,4 жашты түздү. Ал эми аялдардын өмүрү 75,6 жашты түздү. Башкача айтканда, Кыргызстанда жаштын узактыгындагы гендердик ажырым 8,2 жашты түздү. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн


көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу бул өтө чоң ажырым экендигин белгилей кетүү абзел.

ДССУнун маалыматы боюнча, аялдар менен эркектердин жашоо узактыгынын ортосундагы айырмачылыктагы биологиялык норма 5 жылдан ашпашы керек. Мисалы, ЕС өлкөлөрүндө бул норма сакталат. Ал эми Кыргызстанда ал 1,6 эсе жогору.

**Экономика:** Эркектер менен аялдар үчүн пенсияга чыгуунун бирдиктүү курагы, биздин оюбуз боюнча, экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө гана мүмкүн. Анда төрөт төмөн жана аялдар төрөттөн же бала багуудан улам эмгек ишмердүүлүгүндө үзгүлтүксүз иштей алышат. Ал эми төрөттүн саны жогору, тескерисинче калктын саны аз болгон Кыргызстан үчүн бул төрөттүн төмөндөшүнө алып келген жана эмгекке жарамдуу калктын төмөндөшү, картайып бараткан улут, демографиялык жана пенсиялык куруктын өсүшү сыяктуу терс мүнөздөгү социалдык-экономикалык кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон өтө чоң коркунуч. Натыжатыйжада бул кесепеттер пенсиялык тутумдун каржылык туруктуулугунун кескин начарлашына алып келет.

Расмий статистика боюнча, Кыргызстанда калктын жан башына эсептелген орточо кирешесинин түзүмүндөгү эмгек акынын үлүшү 2018-жылы 40,7% ды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын аял калкынын эмгек рыногуна жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн, экономикалык жигердүү калктын жынысы боюнча көрсөткүчүн карап көрөлү.




Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин сайтынын материалдары боюнча [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http://www.stat.kg/

Алынган маалыматтар боюнча, он жылдын ичинде республиканын экономикалык активдүү калкындагы эркектердин үлүшү 2018-жылы 61,4% ды, ал эми аялдардын үлүшү 38,6% ды түзгөн. Бул тенденция республиканын эмгек рыногуна эркектер менен аялдардын катышуусу бирдей эмес экендигин көрсөтөт.

2019-жыл үчүн "Дүйнөлүк Атаандаштыкка Докладына" ылайык, Кыргызстандагы эмгек рыногунун гендердик түзүмү атаандаштык артыкчылыгы болуп саналбайт. Анткени бул көрсөткүч боюнча өлкөлөрдүн рейтингинде 141 өлкөнүн ичинен биздин өлкө 96-орунду ээлейт.

**Жумушсуздук:** Кыргызстанда аялдардын жумушчу күчү эң көп акы төлөнбөгөн экономикалык иш-аракеттердин түрлөрүнө топтолгон. Мисалы;

1. калкка саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүдө аялдар-83,2%;
2. билим берүү тармагында эмгектенген аялдар - 80,2%;
3. кыймылсыз мүлк менен операцияларда эмгектенген аялдар - 80%;
4. жеке үй чарбаларынын ишин алып барган аялдар - 61,0% ж.б.

Кыргызстанда аялдардын жана эркектердин социалдык эмгек жаатындагы укуктары бирдей экендиги белгилүү.

Анткени, Эмгек кодексинде жынысына жараша басмырлаган укуктук ченемдер жок. Демек, эмгек мамилелери чөйрөсүндө жынысына жараша теңсиздик - дискриминациянын натыйжасы болуп саналат.

Мисалы, адатта жакшы акы төлөнүүчү айрым кесиптерди эркектерге бөлүү - аялдардын карьералык өсүшүнө көрүнбөгөн тоскоолдук болуп саналат. Мындан улам, эмгек акынын теңсиздиги да пайда болот.

Эмгек мамилелериндеги жана эмгек акыдагы теңсиздик экономикалык жана социалдык адилетсиздиктин негизи болуп саналат. Анткени эмгек акы калктын эң маанилүү кирешеси.

Кирешенин деңгээли, билими, жаш курагы, улуту, сексуалдык ориентациясы жана жашаган жери – ден-соолукту аныктоочу маанилүү фактор болуп саналат. Гендердик теңсиздик менен бирге, бул факторлор адамдын басмырлануусун, ден-солугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондой эле ден- соолукту чыңдоо үчүн керектүү ресурстар жок болушу мүмкүн.

(Бүткүл Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму)

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК

Сандык көрсөткүчтө Кыргызстандын социалдык экономикалык, саясий жашоо шартында бир топ теңсиздикти байкоого болот. Мындай мисалдардан улам биз, “табигый” жана “ калыптанган” түшүнүктөр биздин адаттардан, туруктуу идеялардан, стереотиптерден башка эч нерсе эмес экендигин жана ар башка коомдордо же бир эле коомдун ар баскычтарында ар түрдүү экенин көрө алабыз.

## Гендердик стереотиптер жана алардын ММКларда колдонулушу

Гендердик стереотиптер – ошол коомдогу эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө ошол учурдагы туруктуу калыптанып калган көз караштар, элестетүүлөр. (КРнын «аялдар жана эркектер үчүн бирдей укуктардын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө», 4-август, 2008-жыл, N 184).

Гендердик стереотиптер белгилүү бир коомдо болгон гендердик ролдор менен тыгыз байланышта жана аларды сактоого жана көбөйтүүгө кызмат кылат. Атап айтканда, гендердик стереотиптер гендердик теңсиздикти сактоого өбөлгө түзөт.



*Гендердик ролдор деген эмне?* - Бул эркектер менен аялдар кайсы бир коомдо (үй бүлөдө, жамаатта жана жумушта) эмне кылышы керектиги жөнүндө түшүнүк.

*Гендердик нормалар деген эмне?* - Бул аялдар жана эркектер, балдар жана кыздар, алардын коомдогу орду жөнүндө түшүнүк. Алар убакыттын өтүшү менен өзгөрүп, ар кандай маданияттарда айырмаланып турушат.

Гендердик нормалар, эгерде төмөндөгүлөрдү күчөтсө, теңсиздик жаралат:

1) бир топтун же жыныстын экинчисине карата кыянаттык менен пайдалануусу;

2) күч жана мүмкүнчүлүктөрдүн айырмачылыгы.

## Коомдогу кеңири орун алган гендердик стереотиптер

Аялдарга, эркектерге, кыздарга жана уул балдарга карата коомдо калыптанган көз-караштардын көптөгөн түрлөрүн кезиктирүүгө болот.

Мисалы, бүгүнкү күндө физикалык көнүгүүнү жасоо, спорт менен машыгуу – жашоо үчүн керектүү нерсе катары алдыңкы тренд болуп чыкты. Албетте, алыс кетпей 15-20 жыл мурун кадимки кыргыз мектептеринде кыздарга дене тарбия сабагына катышпай эле койсо болот деген стереотиптер болуп келген. Убакыттын өзгөрүшү менен коом өзүнө керектүү, пайдалуу болуп жаткан нерсени тандап бара жатат.

*Коомдо кимге карата кандай таңууланган көз-караштар кездешет?*

| **Аялдарга карата** | **Эркектерге карата** | **Кыздарга карата** | **Уул балдарга карата** |
| --- | --- | --- | --- |
| Таш түшкөн жеринде оор. | Үйдүн кожоюну... | Башка биреөнүн бүлөсү. | Болочок эл башчысы, болочок бир үй бүлөнүн багаары... |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аял - үй иштерине жооп бериши керек. | Эркек - тышкы иштерге жооп бериши керек. | Кыз балдар үй оокаттарын жакшы билиши керек. | Эркек балдар кыздардай болуп үй оокаттарын эмес, тышкы оокаттарды кылышы керек. |
| Аялзаты назик, ийкемдүү жана сылык болушу керек. | Мырзалар ыйлабайт (аялдар гана ыйласа болот деген калыптанган көз-караш бар). | Кыз бала назик, сулуу, тыкан болушу абзел. | Эркек бала баатыр мүнөз, тайманбаган сапатка ээ болот. |
| Аялдар эркек киши кылган иштерди кыла албайт / кылбашы керек. | Тамак жасаган, үй оокаттарын кылган көпчүлүк эркектерге – коомдо “аялыңа баш ийесиңби?” деген кодулоо кептери айтылып келет. | Кыз балдарга көбүнесе курчак же идиш - аяк өңдүү оюнчуктар белекке берилет. | Уул балдар бала кезинен машина, жан-жаныбарлар, мылтык ж.б оюнчуктар менен ойнотулат. |
| “Аялдардай болуп ушакташпачы” – деген сөздү коомдо кезиктирүүгө болот. | Эркек болгондон кийин көп сүйлөбөш керек. | Кыз бала үнүн катуу чыгарып күлбөшү, сүйлөбөшү керек. | “Эркексиңби? Сөзүңө турбайсыңбы!” – Эркектер гана берген убадасын аткарат деген калыптанган |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бул аялдар гана ушакташат деген реалдуулук эмес. Болгону стереотиптик ой жүгүртүү. | | | терс көз-караш бар. |
| Аял үйдө отуруш керек. | Үй бүлөнү толук эркек камсыздап, багышы керек. | Кыздар жогорку билим алуудан мурда, “казан аяк институтун жакшы өздөштүрүшү керек”. – Мындай көз-караш кыздардын билим алуусун чектеп, жолтоо болуп келет. | Эркек бала жогорку билим албай койсо деле болот. |

Мындай стереотиптер коомдо аял менен эркекти, уул бала менен кыз баланы эки башка ажырымдан кароого түрткү берип, теңсиздик жаралуусуна алып келүүдө. Жогорудагы стереотиптер бир гана үй-бүлөдө эмес, карьерада да кездешет. Мисалы:

1. мугалим, медицина кызматкерлери, ар түрдүү кызмат көрсөтүү иштеринде – аялдын,
2. милиционер, аскер кызматкери, таксист, прокурор адистиги эркектин деген айрмачылыктар өз артында дагы бир топ айырмачылыктарды жаратууда.

Биз мындай жол менен бардык кесиптерди анын айлыгына, престиждүү же анча престиждүү эмес, келечектүү кесип экенине карап бөлөбүз. Мындай

учурда биздин мугалим – өзүнүн кесиби боюнча престиж, перспектива жана эмгек акысы боюнча прокурор адистигинен төмөн туруп калууда. “Ар бир кесип ардактуу”- демекчи, жогоруда биз мисал кылган эки кесип тең берилүү менен иштөөнү, убакытты, ден-соолукту алат. Бирок, коом эмне үчүн эки кесипке эки башка баалоону жүргүзөт жана эмне үчүн көпчүлүк мындай кызматтарды аялдар аткарат? Сиз ооруканага барганда, санитардык кызматты эркек аткарып жүргөнүн кезиктирдиңиз беле? Ашканада тамак жасап иштөө, үйдө гана эмес, ар түрдүү мекемелерде тазалык иштерин жүргүзүү, бала - бакча, мектеп, саламаттыкты сактоо тармагынын басымдуу бөлүгүндө аял адистер иштээри талашсыз. Эмне үчүн эркектер мындай кызматтарды аркалабайт?

Полду жуу, тамакты жасоо – эркектин да колунан келет. Бирок, биздин сурамжылоолорго ылайык, көпчүлүк эркектер андай кызматта иштөөдөн намыстанат. Коомчулукта эркектер бийик болушу керек деген калыптанып калган көз-караштар кеңири орун алган. Мунун натыйжасында аялдын ролу төмөн бааланып келет. Албетте, эркектер аркалаган жумуштар эч кандай стресске алып келбейт, ден соолугуна коопсуз дегенден алыспыз. Бирок, маянасы аз, жумушу психикалык, моралдык жактан оор келген, карьералык өсүү мүмкүнчүлүгү чектелүү кызматтардын басымдуу бөлүгүн аялдар гана көтөрүп келе жатканы өкүндүрөт жана бүгүнкү коомдун ойлонуусуна негиз болуусу кажет.

**Журналистика коомдук пикирди калыптандыруунун күчтүү куралы экени талашсыз.** Мындан улам, журналисттер өз ишмердүүлүгүндө аялдар менен эркектердин позициясын көрсөтүүдө дагы тең укуктуулукка багыт алышы керек.

Мисалы, аялдарды пассивдүү объект, ал эми эркектерди активдүү объект кылып көрсөтүлгөн учурлар кездешет. Калыптанып калган көз караштар же стереотиптерге журналист өз ишмердүүлүгүндө күн сайын кезигет. Бир гана ММК өкүлдөрү жумушта гана эмес, үй-бүлөдө же коомдук жайларда да ар түрдүү стереотиптерге туш келет. Балким, кээ бирибиз калыптанган терс көз-караштардын жаралуусуна кандайдыр бир салым кошуп келебиз.

Журналист деген ардактуу кесипти аркалап жатып, ар бир адам өз ишине жоопкерчилик алат. Ошол жоопкерчиликтин катарында коомдун көйгөйлөрүн өз

материалында журналист айкын, объективдүү көрсөтүүсү маанилүү. Ошол сыңары, гендердик мамилеге кылдат кароодо журналист жогорудагыдай калыптанып калган көз караштардан алгач өзү арылуусу абзел.

## Журналист катары гендердик маселелерди чагылдырууда 10 жагдайды эске алыңыз

1. Коомдо аялдарга жана эркектерге деп бөлүнгөн ролдордун коом тарабынан таңууланып, анын натыйжасында адам укуктары басмырланбагандыгын анализ кылыңыз.

2. Стереоптиктик ой жүгүртүүдөн алыс болуңуз. Журналисттик текстте, стенд-ап учурунда, суроо берүүдө ж.б учурда гендердик балансы сактоо маанилүү.

3. ММКда аялдар менен эркектердин саны бирдей деңгээлде берилип жатканына маани бериңиз. Бул нерсе эксперттик ойлорго дагы тийиштүү.

4. Түз эфирде болобу же макалада болобу аялдар менен эркектерге берилген эфирдин, макалада тараптардын пикири бирдей көлөмдө берилүүсү зарыл.

5. Гендердик сезимтал тилди колдонуп, жек көрүү тилин колдонуудан оолак болуңуз.

6. Гендердик теңчиликти калыптандырууда жынысына эмес, “адам” катары маалымат бериңиз. Кайсы бир терминди эркектерге ( же аялдарга) карата колдонуп жатып, ушул сөздү аялдарга (же эркектерге) да колдонсо болобу деген анализ кылыңыз.

7. Интервью алууда кайсы бир жыныстын өкүлдөрүнө карата айтылган жек көрүү терминдеринен оолак болуңуз.

8. Маалыматты берүүдө ойлорго эмес, фактыга таяныңыз.

9. Терминдерге маани бериңиз. Мисалы: журналист бир каарман менен маектешип, анын жашоосу тууралуу аудиторияга маалымат берип жатып, анын сөзүнө таянып гана “аялы же күйөөсү таштап кеткен” дебестен, “үй бүлөлүк ажырашуудан улам” деп айтканы туура болот. Же болбосо, бир үй бүлөнүн бир айлык кирешесин, чыгашасы тууралуу сурап жатып “жолдошуңуз айына канча табат?” деген суроо ордуна “үй бүлөлүк кирешеңиздер кандай?” деген суроо гендердик сезимтал болот.

10. Журналист материалды жасоодо гендердик кылдат мамилени эске салып, эмоцияга алдырбай, нейтралдуу берүүнү биринчи максат кылышы керек.

## Генедердик теңчилик коомдо кандай өзгөрүүлөрдү алып келет?

Гендердик теңчилик стратегиясы эки жыныстын тең өкүлдөрү – аялдар жана эркектер үчүн

бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берет.

- Аял жана эркектердин ден соолугунун бакубаттыгы;
  - үй бүлөлүк ажырашуулардын саны кыскарат;
  - аялдарга жана балдарга болгон зордук – зомбулуктун саны азаят;
  - эмгекти баалоо деңгээли жогорулайт;
  - гармониядагы жашоо ыраттуулугу;
  - эркектердин жашоо узактыгы жана сапаты жогорулайт;
  - аялдардын ден-соолуктары чың болуп, бактылуу болушат;

- аял жана эркектин стресске чалдыгуу себептери азыраак болот;
- аялдарда коркуу сезимдери аз кездешет;
- аялдардын потенциалы коомдо суроо-талапка ээ болот;
- өспүрүм балдар физикалык, психологиялык жана руханий жактан чоңоюшат;
- окуу процессинде кызыккан балдардын саны өсөт, мектептерден жана башка билим берүү мекемелеринен өз талантына жана билимине ишенген, келечекке максаттуу болгон жаштардын көбөйөт;
- жаштар жынысына карабай ар тармактагы адис боло алат жана жынысына карабай кызматташышат;
- кыздар жана балдар бири-бирин бала кезинен жакшыраак түшүнүшөт. Анткени, бала кезинен тең укуктуулукта түзүлгөн мамиле аларда достук мамилени жана эмпатияны жогорулатат;
- кыздар көзкарандысыз болуп, коом аларга ишеним артат;
- үй бүлөдө ата менен кыздын, уул бала менен энентин ортосунда ажырым болбойт;
- кесип тандоодо уландар жана кыздар үчүн чектөө болбойт жана болочок кесип ээлери үчүн кесип тандоо кыйынчылыгы жаралбайт;
- мамлекетте экономиалык стабилдүүлүк орун алат.

"Гендердик теңчилик" сөзү - эркектер менен аялдардын окшош болуусун билдирбейт. Изилдөөчүлөр эркектер менен аялдарды бирдей болууга чакырат. Бирок, окшош болууга эмес.

Кеп биздин "бул нерсе эркектики" жана "бул нерсе аялдыкы" деген чектелүү ой жүгүртүүбүздө. Мисалы, "чыныгы эркек" жана "чыныгы аял" деген түшүнүктөр адамдардын гана ой жүгүртүүсү, элестетүүсү, бирок ал реалдуулук эмес. Ал эми "чыныгы эркек" жана "чыныгы аял" образдары бир гана адамдын көз алдындагы элестетүүлөрү болгондуктан, бул нерсени эки жыныстын тең укуктуулукта, бирдей мүмкүнчүлүктө, гармониялуу жашоо шартында, экономикалык өнүгүүгө жетүү масатында өзгөртсө болот.

XXI кылым адамзаттын жашоосунда жаңы тапшырмаларды, мүмкүнчүлүктөрдү жана приоритеттерди коюуда. Гендердик теңчилик анын шарты экендигин унутпоо керек. Эркектер менен аялдар өз укуктарын жана потенциалын толук ишке ашыруу үчүн бирдей укуктарга гана ээ болбостон, бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

## Гендердик тең салмактуулукту сактоо боюнча кеңештер

Журналисттик эмгегиңизде сөзсүз төмөнкүлөрдү эске алыңыз.

- ✓ Ар бир окуя үчүн кеминде эки булак табыңыз. Ал эркек жана аялдын үнүн чагылдыруусу абзел.
- ✓ Адистердин жана эксперттердин пикирин берүүдө гендердик тең салмактуулукту сактап, аялдын да эркектин да оюн кошуу маанилүү.
- ✓ Түздөн-түз же кыйыр түрдө аял-эркек булактарын кандайча келтиргениңизге туруктуу болуңуз.
- ✓ Эркектердин жана аялдардын жаш курагын көрсөтүүдө кандайдыр бир негизге таяныңыз.
- ✓ Мүмкүн болушунча эркектер менен аялдарды зордук - зомбулук ж.б оор кырдаалды жеңип чыкканын (курмандыгы эмес) көрсөтүңүз.

- ✓ Көйгөй / окуя эркектер менен аялдарга ар кандай таасир этерин билип алыңыз.
- ✓ Эгерде кайсы бир көйгөй аялдарга жана эркектерге ар башкача таасир эткен болсо, эмне себептен экендигин аныктаңыз.
- ✓ Эркектер менен аялдардын кесиптик жана жеке жашоосу боюнча суроолорго шайкеш келиңиз. Эгерде сиз ийгиликтүү карьера жүргүзгөн аялдан, ал балдарына кандай тарбия берерин сурасаңыз, ошол эле суроону карьерасын ийгиликтүү алып келе жаткан эркек кишиге бериңиз.
- ✓ Эркектер менен аялдар жөнүндөгү стереотиптерге каршы чыккан булактарды издеңиз.

Массалык маалымат каражаттарында чагылдырылган "ишенип коюу" дүйнөсү - үрөй учурган тасмалардан жана жарнамалардан тартып, телеканалдардагы жаңылыктар отчетторуна чейин - көрүүчүлөргө чоң таасирин тийгизет. Мазмуну башка адамдар жөнүндө болсо дагы, анын түпкү маанайы жана билдирүүлөрү андай эмес. Алар биздин ой жүгүртүүбүздү жана бири-бирибиз менен болгон мамилебизди калыптандырган маданий баалуулуктарды билдиришет. Демек, ЖМКлар аялдар менен эркектердин ММКда жана коомдо тең жана калыс чагылдырылышына көмөктөшүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Ошондой эле, массалык маалымат каражаттары гендердик теңчиликке аяр мамиле жасап, аялдарды жана эркектерди калыс жана адилеттүү сүрөттөп, аларга мамиле кылуу менен бул стереотиптерге каршы турууда ролду ойной алат. Мындай аракет менен журналистикада гендердик салмактуу журналистиканын орду пайда болот.

## Зомбулук тууралуу кантип чагылдыруу керек?

Кыргызстанда кыздарга жана аялдарга карата зомбулук темасы акыркы бир нече жыл ичинде курч бойдон калууда. Көпчүлүк жабырлануучулар ММКларга кайгылуу окуяларын айтуудан качып, көйгөйлөрү менен жалгыз калышат. Бирок, гендердик зомбулук фактыларын жарыя кылбаса, көйгөйдүн тамырын олуттуу түшүнүү мүмкүн эместиги бышык.

Бирок, бул курч маселе коомдук талкуунун бир бөлүгү болуп, жарандардын тынчын алган көрүнүштөрдүн бири. Албетте, зордук -зомбулук окуялары тынымсыз массалык маалымат каражаттарында орун алып келет. Бирок, ММК анын чагылдырылышына кандайча мамиле кылып жаткандыгын талдап чыгуу зарыл.

2015-жылы Австралиянын изилдөө уюму жүргүзгөн анализде аялдарга карата зордук-зомбулук жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарындагы бир нече жалпы каталар аныкталган. Алар;

- фактыларды бурмалоо;
- окуяларды көбүртүп берүү;
- зордук-зомбулуктун курмандыктарын түздөн-түз же кыйыр түрдө айыптоо.

Кыргызстанда зордук зомбулукка басымдуу учурда аялдар жана жаш балдар кабылат. Эркектерге караганда аялдар көбүрөөк үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болушат. Ошондой эле, журналисттер зордук-зомбулукту чагылдырууда тилекке каршы, эң көп кездешкен каталарды кетиришет. Алардын эң орчундусу: айыпталуучуну актоо жана жабырлануучуну күнөөлөө.

Жабырлануучу туурасында " ал чагымчылдык кылган", “ал сексуалдык мамилеге өзү алгачкы кадам таштаган же өзү суранган” деген журналисттик сөздөр менен коштолсо, айыпталуучу тууралуу “сексуалдык мамилени суранып жаткан адамга каршылык көрсөтө алган эмес", "табигый түрдө алоолонгон" же эч болбоду дегенде "кадыр-барктуу, үлгүлүү үй-бүлө адамы" деген коргоочу сөздөр айтылып келет. Тилекке каршы, айрым журналисттер мындай кадам менен гендердик теңсиздикти гана жаратпастан, адам укугунун бузулушу, журналисттик этиканын эң негизги принциптеринин бири болгон бейтараптуулукту жокко чыгарып келет.

Гендердик зомбулук – бул кылмыш. Ошондой эле ал мыйзамсыз жүрүм-турум болгондуктан, этияттык талап кылынат. Мындай социалдык көйгөйлөр адамдын жашоо укугуна, кадыр-баркына, физикалык жана психологиялык бүтүндүгүнө кол салуу болуп саналат. Мындан улам, адам укуктарын коргоо маселеси жаралат.

Гендердик зомбулуктун - физикалык, психологиялык, экономикалык жана сексуалдык түрлөрүн чагылдырууда жабырлануучуларды канткенде коргоп жана алардын жашоосунун жакшы тарапка өзгөрүүсүнө салым кошууну терең түшүнүүнү талап кылат.

## Гендердик кылмыштуулукту чагылдыруунун он негизи

1. Агрессордун эмес, жабырлануучунун жеке жашоосун коргоо өтө маанилүү. Журналисттик материал жасап, аны коомго таркатуудан мурда ким агрессор жана ким жабырлануучу экендигин так билип алыңыз.

2. Журналисттер зордук зомбулукка кабылган адамдардан интервью алууда эң ириде сабырдуу болуусу абзел. Зомбулукка кабылып, өзүнүн жан – дүйнөсү жанчылып турган адамдын шаштысын кетирип, сенсация жаратуу максатында тезирээк, башка медиа өкүлдөрүнөн биринчи жооп алуу аракети менен ал артында бир топ катачылык жаратышы мүмкүн. Каармандардан интервью алуу тыгыз иштешүүнү талап кылат. Биринчиден, алар өз окуясын, өз эрки менен айтып берүүгө даяр болушу керек. Экинчиден, анын берген интервьюсу коомчулукка чыгаарын,

андан кийин ал өкүнүп калбагыдай, артында терс окуялар жаралбагыдай болушу керек.

3. Журналисттер зордук зомбулук курмандыгы болгон адамдар менен маектешкенге чейин жана андан кийин алар колдоого ээ болушун камсыз кылышы керек. Журналисттер үчүн дагы бир милдет - ЖМКда пайда болгон окуя материалдын каармандарынын кооптонуусуна алып келеби же жокпу, баалоо зарылчылыгы бар.

4. Маалымат булактарын тандоо материалга кандай таасир этери жөнүндө ойлонуңуз.

5. Айрым маалыматтар зомбулуктан жабыркаган адамга жана алардын үй-бүлөлөрүнө зыян келтириши мүмкүн. Жабырлануучунун атын ачык айтуу ар дайым эле мүмкүн боло бербейт. Ошондой эле, жабырлануучунун атын ачык айтууга мүмкүн болбогон учурда ар кандай лакап аттарды колдонуудан алыс болуңуз.

6. Зордук - зомбулук туурасында чагылдырууда мүмкүн болгон бардык фактыларды колдонуу зарыл. Айрыкча аларды расмий булактардан издөө талапка ылайык.

7. Макаланын иллюстрациясы катары сүрөттөрдү колдонууда жана тандоодо өзгөчө этият болуңуз. Зомбулуктан жабыркаган адамдарды жана алардын жакындарын сыйлап, сексизм жана сенсациядан алыс болуңуз.

8. Жабырлануучунун сүрөттөрүн, аты-жөнүн жана аудиолорун анын уруксатысыз жарыялабаңыз.

9. Фондук музыканы колдонууда үрөй учурган, коркуу сезимин туудурган же кызганыч, сүйүү жөнүндө сөз кылган музыкаларды тандабаңыз.

10. Жабырлануучуларга жардам көрсөтүү үчүн кризистик борборлордун акысыз телефон номерлерин, өздөрүн жана жакындарын коргоого керек болгон башка маалыматтарды камтысаңыз болот.

## Кандай материалды гендердик сезимтал деп атай алабыз?

Гендердик тематикадагы журналисттик материал эгерде эки негизги талапка туура келсе, анда гендердик сезимтал деп табылат.

• эгерде ал сексизмден оолак болсо жана гендердик теңчилик идеясын колдосо (сиз "теңдик" менен "окшоштукту" чаташтырбаңыз);

• эгерде материалда эркектер да, аялдар дагы, алардын жагдайлары, кызыкчылыктары бирдей көрүнүп турса жана бир эле кырдаалдар көбүнчө эркектер менен аялдар үчүн ар кандай кесепеттерге алып келери, ошол эле кырдаалда эркектер менен аялдардын кызыкчылыктары ар башка болушу мүмкүн экендиги эске алынса – мындай материал гендердик сезимтал деп саналат.

## Кандай материалдар гендердик сезимтал боло албайт?

Ар бир материал сөзсүз түрдө гендердик сезимтал болот же болбойт. Эгерде сиздин материалыңыздын каармандары адамдар болсо, демек анда гендердик компонент бар. Сиздин эмгегиңиз коомго гендердик сезимтал аспектилерден камтылуусу үчүн каармандар менен сиздин журналисттик ишмердүүлүгүңүздүн байланышы маанилүү. Ар бир журналист кайсы бир материалды жасоодон мурда:

1. Журналисттик материалдын максаты
2. темасы
3. структурасы

4. каармандар, интервью берүүчүлөр
5. суроолор ж.б тууралуу ой жүгүртөт.

Ошондой ой жүгүртүү учурунда, журналисттик материалдын негизин түзгөн каармандар, эксперттер, сурамжылоого катышкандар т.а деги эле адам фактору тууралуу терең ойлонуңуз.

Мисалы, сиз саясий темада көчөдө сурамжылоо жүргүзүп жатканыңызды элестетиңиз.

1. Аялдар менен эркектердин кимисине көчөдө суроо узатасыз?
2. Толугураак жана негизделген жоопторду кимден күтөсүз?
3. Респонденттердин кайсы жынысын көбүрөөк кунт коюп угасыз?
4. Сиздин бул материалыңызга аялдар менен эркектердин жооптору бирдей камтылабы?
5. Кайсы жыныстагы эксперт сурамжылоого комментарий берет?

Ал эми сурамжылоонун темасы жаңы бала бакчанын курулушу болсо, кырдаал кандай өзгөрөт? Мындай материалда балдарын тарбиялоодо катышкан аталарга кандай орун берилет же сиз балдарды көпчүлүк учурда энелер тарбиялайт деген ой менен ал интервьюну энелерден алууга ашыгасызбы? Мындай кадам менен сиз материалыңыздын гендердик абалын көрө аласызбы?

Журналист катары биз ички сезимдерибиз, өзүбүздүн көз-караштарыбыз же кайсы бир жыныска жан тартуубузду өз материалдарбызга кошпошубуз зарыл. Аял менен эркекке, эки башка жыныстагы эксперттерге, сурамжылоого ой билдирген көчөдөгү адамдарга биз бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берүүбүз зарыл. Мисалга алсак:

Аялдардын саясатка аралашуусу тууралуу жасалган сурамжылоодо респонденттердин үнү жыныстык жактан баланста сакталбагандыгы толук картинаны ачып берүүбүзгө тоскоолдук жаратат. Андыктан, аялдардын үнү болгон жерде эркектердин, эркектердин үнү болгон жерде аялдардын үнүн кошуу

зарылчылыгы бар. Ошондой эле аларга сандык жана сапаттык негизде бирдей мүмкүнчүлүк берүү – журналисттин милдети.

## Терминдерге терең маани бериңиз

Стереотиптер - бир гана сүйлөө кебинде эмес, материалдардын каармандары менен иштөөнү жана теманын берилишин аныкташат.

Бүгүнкү күнгө чейин айрым журналисттердин ишмердүүлүгүндө эркектер эң ириде - кесипкөй, аялдар - жубай жана эне катары көрсөтүлөт. Мындан тышкары, эркектер жөнүндө айтып жатып, алардын карьералык жетишкендиктерине токтолсо, аялдардын алгач эле сырткы көрүнүшүн белгилешет. Бул интервью үчүн суроолорду түзүүдө жана сүрөткө тартып, коомго аны тартуулоодо, теманы талкуулоо үчүн эксперттерди тандоодо, текст жазууда да байкалат.

Көрүнүп тургандай, журналисттин стереотиптик мамилеси материалдардын каармандарынын чыныгы жүзүн эмес, журналисттин оюндагы идеалдуу образын гана көрсөтө алат.  Мындан улам, эркектер көбүнчө кесиптик жашоого, аялдар жеке чөйрөгө же ал тургай сексуалдык объектке чейин айланат.

ММК системалуу түрдө (билип-билбей) аялдар менен эркектерге айрым ролдорду таңуулап келет. Калыптанган көз-караштардан улам, журналисттер кайсы бир аялдын профессионалдуулугу же ийгилиги жөнүндө сөз кылып жатып, сөзсүз жеке жашоосуна байланыштуу суроолорду да берип келет. Алсак:

1. Үй бүлө менен карьераны бирге алып кете алат бекенсиз?
2. Турмушка чыккан соң, карьераңызды улантууга кайын журтуңуз кандай карады?
3. Жолдошуңуз, кайын журтуңуз сизди колдоп турабы?
4. Сиздин көбүрөөк киреше таап, ийгиликтүү ишкер болууңузга жолдошуңуз каршы эмеспи?

Жогорудагы суроолордо биз карьералык тепкичтеги айымдын образын үй бүлөсүнө байлап жатабыз. Ар бир адамдын үй бүлөлүк турмушу бардык адамдар үчүн эле кызык боло бербейт. Бирок, анын адистик чеберчилиги, ийгилиги, балким кызматтагы катачылыгы сиздин аудитория үчүн кызык болушу мүмкүн. Аялдардын мүмкүнчүлүгүн чектеген мындай суроолордон кесиптештеримди оолак болууга чакырам. Ошол эле суроону эркек кишиге багыттап берип көрсөк, кызык биз кандай жооп алат элек?

Демек, журналист катары суроолорду аялга же эркекке деп бөлбөй, адиске, чыгармачыл адамга, президентке ж.б деп түзүү оң натыйжасын берет.

Айрым учурда, журналисттер менен редакторлор эксперттердин ой-пикирин алууда эркек эксперттерден жооп алууга аракет кылышат. Анткени, аларды кыйла компетенттүү жана квалификациялуу деп эсептешет. Айрым учурларда, аудитория эркек адамдын сөзүнө көбүрөөк ишенет деген жообун угууга болот. Ал эми, билим берүү, медицина тармагына келгенде кудум бул кесиптер алардын салттуу чөйрөсү болгондой, бул тармактагы эксперттик пикирлерди аялдардан алууга умтулабыз.

Эркек эксперттерди тандоо менен эң ийгиликтүү адистер эркектер деген түшүнүк бекемделет. Журналист - саясат таануучу аялды, экономист аялды, ядролук физик аялды тандап алган учурда, ал өзүнүн угуучуларына эксперт айтып жаткан нерселерди гана жеткирбестен, ошондой эле аял ийгиликтүү кесипкөй боло алаарын көрсөтүп, ошону менен көптөгөн аялдарга дем бере алат. Мунун тереңинде кыздар турмушка гана чыгып, үй бүлөлүк жашоого гана даяр болбошу керектиги, алардын жеке индивид катары жашоодон орун алышы, карьералык өсүү кылып, коомго салым кошушу ж.б бир катар позитивдүү жыйынтык чыгарылат. Албетте, гендердик теңчилик максатында аял жана эркек эксперттерге бирдей мүмкүнчүлүк берүүнү адатка айлантуу зарылчылыгы бар.

Эксперттерди тандоо өзгөчө гендердик маселелерге келгенде кызыктуу. Мисалы, аборт маселесин чагылдырганда журналисттер көбүнчө дарыгерлерге жана дин кызматкерлерине кайрылып, алардын оюн угат, коомго чагылдырат. Бирок, ошол эле учурда, кээде аялдар уюмдарынын өкүлдөрүн, коомдук активисттерди жана ушул теманы изилдөөчүлөрдү көз жаздыма калтырат. Кыргызстанда дагы башка

өлкөлөр сыяктуу бир катар кризистик борборлор бар. Алар зордук - зомбулуктан, үй бүлөлүк ажырашуудан жана башка турмуштук ар кандай кыйынчылыктарга туш болгон адамдарга юридикалык, психологиялык колдоо көрсөтүп келет. Мындай маселелерди терең түшүнүү жана коомго жеткирүү максатында кризистик борборлордо эмгектенген эксперттердин оюн угуу маанилүү кадамдардын бири.

Ошондой эле, аял кишини эксперт болгону үчүн эмес, бул көйгөй менен алектенип жаткандыгы үчүн эмес, жөн гана аял болгондуктан чакырышат. Же тескерисинче, талкуунун бир тарабына социолог, феминист жана коомдук ишмер, ал эми анын каршылашына "үч баланын атасы" тандалып алынган. Бирок, адамды жынысына байланыштуу адис деп эсептөөгө болбойт. Эксперт каралып жаткан теманы кесипкөйлүк менен чечкен адам гана боло алат.

## Сексизм жана сексисттик билдирүүлөр

Сексизм - адамдарга карата терс жана бейкалыс пикирлердин жыйындысы же адамдарды жынысына карап басмырлоо, белгилүү бир жыныстагы адамдарга карата терс мамиле же антипатия.

Кайсы гана чөйрөдө болбосун бир жыныстын экинчисинен артыкчылыгы жөнүндө ырастоолор ("эркектер креативдүү", "аялдар сылык-сыпаа") сексисттик деп эсептелет. Сексизмдин көрүнүштөрү ар кандай жана журналисттин жоопкерчилиги аларды өзү эле массалык маалымат каражаттары аркылуу коомго берүү эмес, ошондой эле материалдын каармандарынын сексуалдык билдирүүлөрүн (эгер алардан баш тартууга мүмкүн болбосо) комментарийсиз калтырбоо.

Сексисттик билдирүүлөр - аялдар же эркектер кайсы бир чөйрөдө толук кандуу эмес деп сыпатталган материалды туура деп эсептөөгө болбой тургандыгын эске салуу ашыкча болушу мүмкүн. Бирок, айрым учурда "аял коргоо министри боло

алабы?" же "күйөөңүзгө балдарды ишенип, калтырса болобу?"деген суроолор массалык маалымат каражаттарында кездешип келет. Бул албетте, сексисттик мүнөзгө ээ экени жөнүндө журналисттер ойлонуушубуз зарыл.

"Аял" деген сыпатты "жаман, төмөн, бузуку, ушакчы" деген сөздүн синоними катары колдонуу же ал тургай, аныкталып жаткан сөздүн маанисин толугу менен четке кагуу, ал эми "эркек" сыпатына "күчтүү, намыстуу" деген маанилер берилип келет. Бул дагы сексисттик мүнөзгө ээ.

## Колдонулган адабияттар жана булактар

Гендер жана ММК. Журналисттер үчүн окуу куралы. Авторлору: Ирина Сидорская., Алина Раду. (Сидорская И., Раду А. Гендер и СМИ. Учебное пособие для журналистов.) [ булагы ]

Толеранттуу журналистика. Автордук топ: Игорь Савин., Инна Терещенкою., Алексей Морозли., Полина Степаненко., Андрусь Кликунов., Виолетта Ермакова. (Толерантная журналистика. Брошюра. Авторский коллектив: Игорь Савин., Инна Терещенкою., Алексей Морозли., Полина Степаненко., Андрусь Кликунов., Виолетта Ермакова.) [булагы]

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин сайтынын материалдары боюнча [Электрондук ресурс]